**Кытай тилин окутуучу № 95 мектеп- гимназиясы**

Бишкек ш., Жал-29 к/р, 45-үй
Тел.0312 253609, факс 0312 253610
ИНН 02807201710117
Кат.ном 167939-3301-М-е

**№95 школа-гимназия с изучением китайского языка**

г. Бишкек, мкр.Джал-29, дом 45
Тел.0312 253609.факс 0312 253610
ИНН 02807201710117
Рег.ном 167939-3301-М-е

**Кытай тилин окутуучу №95 мектеп-гимназиясынын 2022-жылдын 9- ноябрындагы, № 2 педкеңешмесинин көчүрмөсү**

Күн тартибинде:

1. Мектептин Уставынын, аталышынын өзгөртүлүшү менен мектептин бардык иш кагаздарын кайрадан карап чыгуу, бекитүү жөнүндө.

Угулду:

Биринчи маселе боюнча мектептин директору Сардарбекова Айнура Карагуловна, 2022-жылдын 14- ноябрында мектептин Уставынын кайрадан өзгөтүлгөн вариантын алуу, аны менен бирге мектептин аталышынын да өзгөртүлүүсү, мектептин мындан ары аталышы - “Кытай тилин окутуучу №95 мектеп-гимназиясы”, кыскартылган аталышы- №95 МГ. Орусча жаңы аталышы – “Школа-гимназия №95 с изучением китайского языка”, кыскартылган аталышы – ШГ №95, болгондугун мугалимдер жамаатына тааныштырып өттү. Мындай өзгөртүү мектептин аккредитациядан өтүүсү үчүн зарыл экендигин белгилеп кетти.

Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Жээнбаева Г.И. мектептин жаңы Уставына жана жаңы аталышына ылайык мектептеги бардык иш кагаздары, тагыраак айтканда мектептин локалдык нормативдик актыларынан, жоболорунан баштап, иш пландарын, окуу планын, мугалимдердин календардлык-тематикалык пландарын, класстык журналдарын ж.б. иш кагаздарын кайрадан карап чыгуу жана бекитүү керектигин айтты.

Педкеңешменин жүрүшүндө ОТИ, ТИ боюнча директордун орун басарлары, мектептин соцпедагогу, психологу, ар бири аткарган ишине тиешелүү иш кагаздарын мугалимдер жамаатына кайрадан кароого, жана кайрадан бекитүүгө кезеги менен чыгып тааныштырып чыгышты.

**Чечим:**

1. Мектептин жаңы Уставына жана жаңы аталышына ылайык мектептеги бардык иш кагаздары, тагыраак айтканда мектептин локалдык нормативдик актыларынан, жоболорунан баштап, иш пландарын, окуу планын, мугалимдердин календарлык-тематикалык пландарын, класстык журналдарын ж.б. иш кагаздары УБ отурумдарында кайрадан каралып чыксын жана бекитилсин.
2. Иш кагаздарын тариздөө жана кайрадан бекитүү ОТИ, ТИ боюнча директордун орун басарлары, мектептин соцпедагогу, психологу функционалдык милдетине тиешелүү иш кагаздарынын каралышына, бекитилише көзөмөл жүргүзсүн.

**Пед.кеңешменин төр айымы** **А.К. Сардарбекова**

**Катчысы** **В.А. Арзыкулова**